**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**МОСКВА РАЙОНУ**
**ТӨЛӨК АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫН**
**КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ТОЛОКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**IV-сессия** **I-чакырым**

# № 34 ТОКТОМУ

**2025-жылдын 21-июлу** **Спартак а.**

## «Таза-Биримдик» муниципалдык ишканасынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 7-декабрындагы № 52 токтомунун негизинде айыл аймактарын бириктирүүгө жана калкка кызмат көрсөтүү, муниципалдык менчикте турган мүлктү башкаруу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында «Таза-Биримдик» муниципалдык ишканасы түзүлгөндүгүнө байланыштуу Төлөк айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. «Таза Биримдик» муниципалдык ишканасынын 2025-жылга төмөнкү калктуу конуштардагы ичүүчү сууга тарифтери бекитилсин жана тарифтер Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылсын:

- Спартак жана Ак-Сеок айылдарында - бир кишиге 40 сомдон;
- Кызыл-Моло айылы - бир кишиге 60 сомдон;
- Төлөк айылы - бир кишиге 50 сомдон;
- Маловодное айылына - 85 сомдон киши башына.

2. «Таза Биримдик» муниципалдык ишканасынын 2025-жылга мал жаюу үчүн жайыттарды пайдалануу ставкалары бекитилсин:

Бодо мал - 1 шарттуу башына 90 сом;

Майда мал - 1 шарттуу башына 20 сом.

3. Жайыт ресурстарын мал жаюуга байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн келишим боюнча ижара акысы бекитилсин:

- 0,1 га жерге 40 сомдон мал кармоо үчүн контейнер орнотуу, чатыр, жеңил конструкцияларды куруу үчүн;
- эс алуу жана маданият, туризм, спорттук иш-чараларды өткөрүү, жапайы мөмө-жемиштерди, дары чөптөрдү жыйноо жана кышка карата чөптөрдү жыйноо үчүн 0,1 га жайыт жерине 100 сомдон.

4. Ички эрежелер жана ички административдик айыптар үчүн жоопкерчилик бекитилсин:

- уруксатсыз жана төлөмсүз малды өзүм билемдик менен жаюу үчүн жеке адамга 7500 сомдон;

- чөптү өз алдынча чабуу үчүн бир адамга 7500 сомдон;

- айдоо аянты түрүндөгү айдоо жерлерине материалдык зыян келтиргендиги үчүн бир адамга 5500 сомдон.

5. Төлөмдүн жалпы суммасын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,2% туум (штраф) бекитилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж.Алыбековго милдеттендирилсин.

**Төлөк айыл кеңешинин төрөгасы** **Иманалиев У.Д.**